## «KICB банкынан Элкарт+ менен артыкчылык ал» акциясынын эрежелери жана шарттары

### 1. Жалпы жоболор

1.1 Бул эрежелер "Кыргыз инвестициялык-кредиттик банк" жабык акционердик коомунун (мындан ары текст боюнча Банк) жана «Банктар аралык процессинг борбору» ЖАКсынын (мындан ары текст боюнча БАПБ) биргелешкен «KICB банкынан Элкарт+ менен артыкчылык ал» акциясын (мындан ары – Акция) өткөрүүнү регламенттейт.

1.2 Бул эрежелер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына жана Банктын ички ченемдик документтерине ылайык иштелип чыккан.

1.3 Акция – бул ушул эрежелерде камтылган айкын офертанын шарттарында өткөрүлүүчү маркетингдик иш-чара.

### 2. Терминдер жана аныктамалар

2.1 **Акция –** Банк тарабынан Кардарлар үчүн ушул Эрежелерде белгиленген тартипте жана шарттарда өткөрүлүүчү «KICB банкынан Элкарт+ менен артыкчылык ал» акциясы.

2.2 **Банк (KICB)** – «Кыргыз инвестициялык-кредиттик банк» жабык акционердик коому, КРУБ лицензиясы №046, юридикалык дареги: 720040, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Эркиндик бульвары, 21.

2.3 **Карта –** Акция өткөрүлгөн мезгилде Банк тарабынан чыгарылган Элкарт улуттук төлөм системасынын Элкарт+ банктык картасы.

2.4 **Акциянын катышуучусу –** ушул Эрежелердин 3.6-пункту боюнча талаптарга жооп берген жеке жак.

2.5 **Жеңүүчү –** ушул Эрежелердин 3-бөлүмүндө көрсөтүлгөн тартипте жеңүүчү деп таанылууга жетиштүү болгон Акциянын эрежелерин жана шарттарын толук аткарган Акциянын катышуучусу.

2.6 **Сатып алуу** – бул ELQR аркылуу төлөмдөрдү кошпогондо, Банктын жана башка банктардын E-com жана POS-терминалдары аркылуу төлөм картасын колдонуу менен товарлар, жумуштар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн накталай эмес төлөө операциясы.

2.7 **KICB МК** – бул кардарларга мобилдик түзмөк аркылуу банктык эсептердеги акча каражаттарын башкаруу боюнча банктык кызматтарды көрсөтүүгө арналган программалык-техникалык каражаттардын жана уюштуруу иш-чараларынын системасы.

2.8 **Банктын жана БАПБнын кызматкерлери менен аффилирленген жактар** – жубайлар, кызматкерлердин биринчи катардагы жакын туугандары (ата-энеси, балдары, бир туугандары).

### 3. Акциянын шартта

3.1 Акция жана ага катышуунун бардык эрежелери жөнүндө толук маалыматтын булагы Банктын расмий сайты www.kicb.net (мындан ары – «Сайт»).

3.2 Акциянын өткөрүлүү мөөнөтү: 2026-жылдын 9-февралынан 2026-жылдын 10-майына чейин, жеңүүчүлөргө акчалай сыйлыктарды берүү мөөнөтүн эске албаганда.

3.3 Акцияга катышуу үчүн катышуучу Банктын Элкарт+ картасын ачып, Акциянын мөөнөтү ичинде бул карта менен сатып алууларды жүргүзүүсү зарыл.

3.4 Акция 13 (он үч) аралык этапта жана 1 (бир) негизги этапта өткөрүлөт, алардын ар бири өзүнчө каралат:

- Аралык этап №1: 2026-жылдын 9-февралынан 15-февралына чейин (15-февралды кошкондо);
- Аралык этап №2: 2026-жылдын 16-февралынан 22-февралына чейин (22-февралды кошкондо);

• Аралык этап №3: 2026-жылдын 23-февралынан 1-мартына чейин (1-мартты кошкондо);
• Аралык этап №4: 2026-жылдын 2-мартынан 8-мартына чейин (8-мартты кошкондо);
• Аралык этап №5: 2026-жылдын 9-мартынан 15-мартына чейин (15-мартты кошкондо);
• Аралык этап №6: 2026-жылдын 16-мартынан 22-мартына чейин (22-мартты кошкондо);
• Аралык этап №7: 2026-жылдын 23-мартынан 29-мартына чейин (29-мартты кошкондо);
• Аралык этап №8: 2026-жылдын 30-мартынан 5-апрелине чейин (5-апрелди кошкондо);
• Аралык этап №9: 2026-жылдын 6-апрелинен 12-апрелине чейин (12-апрелди кошкондо);
• Аралык этап №10: 2026-жылдын 13-апрелинен 19-апрелине чейин (19-апрелди кошкондо);
• Аралык этап №11: 2026-жылдын 20-апрелинен 26-апрелине чейин (26-апрелди кошкондо);
• Аралык этап №12: 2026-жылдын 27-апрелинен 3-майына чейин (3-майды кошкондо);
• Аралык этап №13: 2026-жылдын 4-майынан 10-майына чейин (10-майды кошкондо);
• Негизги этап: 2026-жылдын 9-февралынан 2026-жылдын 10-майына чейин (10-майды кошкондо).

3.5 Акциянын алкагында төмөнкүдөй сыйлыктар каралган:
- Аралык этаптардын жеңүүчүлөрүнө акчалай сыйлыктар;
- Негизги этаптын жеңүүчүсүнө эки кишилик саякатка сертификат.

3.6 Акциянын катышуучулары болуп 16 жашка толгон, Кыргыз Республикасынын жарандыгы бар жана Акцияга катышуу үчүн зарыл шарттарды аткарган бардык жеке жактар саналат.

3.7 Банктын жана БАПБнын кызматкерлерине, ошондой эле алар менен аффилирленген адамдарга Акцияга катышууга жол берилбейт.

3.8 Акцияга катышуу үчүн Акциянын катышуучусу Банктын картасын ачып, Акция өткөрүлгөн бүткүл мезгил ичинде ал аркылуу сатып алууларды жүргүзүүсү зарыл. Эске алынуучу 1 (бир) сатып алуунун минималдуу суммасы 500 (беш жүз) сомду түзөт.

3.9 2026-жылдын 9-февралынын саат 00:00гө чейин жана 2026-жылдын 10-майынын саат 23:59на чейин кийин жасалган сатып алуулар эсепке алынбайт.

3.10 Кайтарылган сатып алуулар эсепке алынбайт.

3.11 Бир соода түйүнүндө 120 (жүз жыйырма) мүнөттүн ичинде жасалган сатып алуулар бир Сатып алуу катары эсептелет.

3.12 Акция өткөрүлгөн бүткүл мезгил ичинде бир эле түйүндө жасалган сатып алуулар (башка соода түйүндөрүндө сатып алуулар жок болгон учурда) эсепке алынбайт.

3.13 Бир аралык этапта жасалган сатып алуулар кийинки аралык этапка өткөрүлбөйт, бирок негизги этаптын жеңүүчүлөрүн аныктоо үчүн эске алынат.

## 4. Жеңүүчүлөрдү аныктоо тартиби

4.1. Акциянын аралык жана негизги этаптарынын жыйынтыгы тиешелүү этап аяктагандан кийин 15 (он беш) календардык күндөн кечиктирилбестен чыгарылат.

4.2. Аралык этап.
Ар бир аралык этаптын жеңүүчүлөрү болуп тиешелүү аралык этаптын ичинде эң көп сандагы эсепке алынган сатып алууларды жасаган Акциянын 3 (үч) катышуучусу саналат. Сатып алуулардын саны бирдей болгон учурда, жеңүүчү эң чоң сатып алуу суммасы боюнча аныкталат.

4.3. Негизги этап.
Акциянын негизги этабынын жеңүүчүсү болуп Акция өткөрүлгөн бүткүл мезгил ичинде Карта боюнча эң көп сатып алуу суммасын жасаган Акциянын катышуучусу саналат.

Эсепке алынган сатып алуулардын суммасы бирдей болгон учурда, жеңүүчү сатып алуулардын эң көп саны боюнча аныкталат.

4.4. Бир аралык этаптын жеңүүчүсү болгон катышуучу башка аралык этаптын жеңүүчүлөрүнүн арасынан чыгарылат, бирок негизги этаптын катышуучусу боло алат.

## 5. Сыйлык алуу тартиби

5.1. Аралык этаптардын жеңүүчүлөрүн сыйлоо системас:

| Аралык этаптын № | Орун | Акчалай сыйлыктын өлчөмү, сом |
|---|---|---|
| 1 | 1-орун<br>2-орун<br>3-орун | 10 000<br>10 000<br>10 000 |
| 2 | 1-орун<br>2-орун<br>3-орун | 10 000<br>10 000<br>10 000 |
| 3 | 1-орун<br>2-орун<br>3-орун | 10 000<br>10 000<br>10 000 |
| 4 | 1-орун<br>2-орун<br>3-орун | 10 000<br>10 000<br>10 000 |
| 5 | 1-орун<br>2-орун<br>3-орун | 10 000<br>10 000<br>10 000 |
| 6 | 1-орун<br>2-орун<br>3-орун | 10 000<br>10 000<br>10 000 |
| 7 | 1-орун<br>2-орун<br>3-орун | 10 000<br>10 000<br>10 000 |
| 8 | 1-орун<br>2-орун<br>3-орун | 10 000<br>10 000<br>10 000 |
| 9 | 1-орун<br>2-орун<br>3-орун | 10 000<br>10 000<br>10 000 |
| 10 | 1-орун<br>2-орун<br>3-орун | 10 000<br>10 000<br>10 000 |
| 11 | 1-орун<br>2-орун<br>3-орун | 10 000<br>10 000<br>10 000 |
| 12 | 1-орун<br>2-орун<br>3-орун | 10 000<br>10 000<br>10 000 |
| 13 | 1-орун<br>2-орун<br>3-орун | 10 000<br>10 000<br>10 000 |

5.2. Акциянын жеңүүчүлөрүнө биринчи чалынган күндөн тартып 3 (үч) календардык күндүн ичинде 3 (үчтөн) кем эмес жолу чалынат. Эгерде жеңүүчү чалууга жооп бербесе, жеңүүчүнүн абоненттик номуру боюнча байланышка чыгуу мүмкүн болбосо (жеңүүчүнүн мобилдик телефону өчүрүлгөн, байланыш тармагынын тейлөө аймагынан тышкары болсо ж.б.), бул Банк тарабынан кошумча үн чалуулар үчүн негиз болуп саналбайт.

5.3. Эгерде Акциянын негизги этабынын жеңүүчүсү менен байланыш маалыматын бербегендиктен же туура эмес бергендиктен, же 5.2-пунктчасына ылайык башка себептерден улам байланышууга мүмкүн болбосо, анда байге алуу укугу жеңүүчүдөн кийинки катышуучуга өтөт.

5.4. Акциянын аралык этаптарынын жеңүүчүлөрү түздөн-түз сатып алуу жүргүзүлгөн Элкарт+ карталык эсебине акча каражаттарын чегерүү жолу менен акчалай сыйлык алышат. Чегерүү аралык этаптын жумасынын жыйынтыгы боюнча 15 (он беш) жумушчу күндүн ичинде жүргүзүлөт. Кошумчалай кетсек, KICB мобилдик колдонмосуна акчалай сыйлык алуу жөнүндө пуш -билдирүү жөнөтүлөт.

5.5. Акциянын негизги этабынын жеңүүчүсү Банк тарабынан аныкталган туристтик агенттик аркылуу болгон бюджеттин алкагында дүйнөнүн каалаган өлкөсүнө эки адамга тур тариздөөгө укук берген 131 250 сом суммасындагы белек сертификаты түрүндө сыйлык алат.

5.6. Жеңүүчү сыйлык алуудан баш тарткан учурда, Банк катышуучунун мындай чечиминин кесепеттери үчүн катышуучунун алдында жоопкерчилик тартпайт жана тиешелүү сыйлыктын наркынын акчалай эквивалентин төлөбөйт же аны башка сыйлыкка алмаштырбайт. Мындай жеңүүчүгө берилүүгө тийиш болгон сыйлык алар тарабынан талап кылынбаган деп таанылат жана Банк тизме боюнча кийинки келген башка жеңүүчүнү аныктоого укуктуу.

5.7. Бардык жеңүүчүлөрдү сыйлоо акциянын негизги этабынын жеңүүчүсү аныкталгандан кийин Банктын аймагында өткөрүлөт. Сыйлоонун так дарегин, ордун жана күнүн Банк жеңүүчүлөргө жыйынтык чыгарылгандан кийин 5 (беш) жумушчу күндүн ичинде Банктын расмий +996 (312) 62 01 01 же +996 (553/ 774) 62 01 01 телефон номери аркылуу билдирет.

5.8. Жеңүүчүлөр сыйлоо өтүүчү жерге чейин жана кайра жол киресин төлөө боюнча бардык чыгымдарды толугу менен өздөрүнө алышат. Бул чыгымдар эч кандай шартта Банкка жүктөлбөйт.

5.9. Акциянын негизги этабынын жеңүүчүсүнө сыйлык сыйлоо аземинде тапшырылат. Жеңүүчү байгени алуудан мурун инсандыгын тастыктоо үчүн жарактуу паспортун көрсөтүшү керек. Акциянын башкы сыйлыгынын акчалай эквивалентин берүү каралган эмес.

5.10. Негизги этаптын жеңүүчүсү Байгени алгандыгын тастыктаган, Банк тарабынан Байгени тапшыруу учурунда берилген документти (Байгени кабыл алуу-өткөрүп берүү актысы) толтуруп, кол коюшу керек. Жеңүүчүнүн Байгени алгандыгын тастыктаган документти толтуруудан баш тартуусу, ошондой эле толук эмес/туура эмес маалыматты көрсөтүүсү жана/же көрсөтүлгөн документти толтуруу үчүн зарыл болгон бардык маалыматты бербеген же өз убагында бербеген учурда, жеңүүчүнүн Байгеден баш тартканы болуп эсептелет.

5.11. Аралык этаптардын жеңүүчүлөрү накталай акча алуу үчүн комиссияны, ошондой эле Банктын тарифтери жана комиссиялары менен каралган башка комиссияларды жана кармап калуу төлөмдөрүн өз алдынча төлөшөт.

5.12. Бул Акциянын алкагында сыйлыктарды алууга байланыштуу бардык салыктарды Банк төлөйт.

5.13. Аралык этаптардын жеңүүчүлөрү жана негизги сыйлыктын ээси жөнүндө маалымат Банктын расмий сайтында жарыяланат.

## 6. Укуктар жана милдеттер

6.1. Катышуучунун укуктары:

6.1.1. Ушул Эрежелерде белгиленген көлөмдө жана тартипте Акция жөнүндө маалымат алууга;

6.1.2. Ушул Эрежелерге ылайык сыйлык алууга.

6.2. Акцияга катышуу фактысы катышуучунун ушул Эрежелер жана шарттар менен таанышканын жана аларга толук макул экенин тастыктайт.

6.3. Акцияга катышуу фактысы катышуучунун өзүнүн жеке маалыматтарын, анын ичинде фамилиясын, атын, атасынын атын, байгелүү ордун, байгенин аталышын жана сыйлык тапшыруу аземинен алынган фотоматериалдарды Акциянын жыйынтыктарын илгерилетүү жана маалымдоо максатында иштетүүгө жана пайдаланууга макулдугу катары каралат.

6.4. Башкы байгенин сапатына карата Банктын милдеттенмелери түздөн-түз кызмат көрсөтүүчү адамдар тарабынан берилген кепилдиктер менен чектелет. Акциянын башкы сыйлыгынын сапатына байланыштуу жеңүүчүнүн дооматтары тиешелүү кызматтарды көрсөткөн адамдарга түздөн-түз коюлушу керек.

6.5. Банк ушул Эрежелерге жана шарттарга ылайык Акцияны өткөрүүгө жана Катышуучуга сыйлык берүүгө милдеттенет.

6.6. Карта эсеби жеткиликсиз болгон учурларда (карта бөгөттөлгөн, жабылган жана башка) аралык этаптардын жеңүүчүлөрүнө сыйлыктын чегерилбей калышы же өз убагында чегерилбеши үчүн Банк жоопкерчилик тартпайт.

6.7. Банк Акциянын Эрежелерине жана шарттарына каалаган убакта өз каалоосу боюнча өзгөртүүлөрдү киргизүү укугун өзүндө калтырат. Акцияны узартуу, токтотуу, ошондой эле анын Эрежелерине жана шарттарына киргизилген өзгөртүүлөр жөнүндө маалымат Банктын сайтында жайгаштырылат жана жарыяланган күндөн тартып 10 күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

6.8. Акциянын башка катышуучуларынын катышуусунун жыйынтыктары жөнүндө маалымат купуя болуп саналат жана үчүнчү жактарга берилбейт.